**Кесиптик бирликтин негизги милдеттери:**

- Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Уставын жана кесиптик бирликтин жогорку органдарынын чечимдерин аткарууга;

- кесиптик бирликтин максаттарын жана милдеттерин жүзөөгө ашырууга катышуу, кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо тилектештикти көрсөтүүгө;

- кеиптик бирликке жаңы мүчөлөрдү тартуу боюнча иштерди, кесиптик бирлик уюмунун мүчөлөрүнүн учетун жүргүзүүгө;

- жамааттык келишимдерди жана макулдашууларды иштеп чыгууга жана тузүүгө, алардын аткарылышын көзөмөлдөөгө, социалдык - эмгектик мамилелерди жөнгө салуу боюнча башка макулдашуулардын түзүлүшүнө жана көзөмөлдөнүшүнө көмөк көрсөтүүгө;

- иш берүүчү тарабынан кесиптик бирликтин мүчөлүк акылардын толук жана өз убагында кармалышына жана которулушуна көзөмөл жургүзүүгө;

- тиешелүү аймактык кесиптик бирлик уюмуна кесиптик бирлик мүчөлөрүнун саны, башка статистикалык маалыматтар, каржылык отчетторун жана башка бекитилген түрлөрдөгү маалыматтарды берип туруута;

- чогулуштун (конференцияны) кароосуна кесиптик бирликтин жогорку органдары тарабынан коргоого сунуш кылынган маселелерди киргизүүгө;

- кесиптик бирликтин жамааттык аракеттерин уюштурууга жана өткөрүүгө тилектештик көрсөтүүгө жана катышууга;

- учурдагы мыйзамдуулукка ылайык эмгек мыйзамдарынын сакталышына, эмгекти коргоо техникалык коопсздук жана кесиптик бирликтин мүчөлөрүнүн ден соолуктарына байланыштуу маселелерди текшерет жана көзөмөл жүргүзөт;

- кесиптик бирликтин уюмдарына жана  кесиптик бирликтин жалпы өзүнө зыян жоготуу алып келе турган аракеттерге жол бербөөгө.